**Кыргыз Республикасынын жарандыгына**
**кабыл алуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 64-беренесинин 7-бөлүгүнө, “Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө”, “Беларусь Республикасынын, Казакстан Республикасынын, Кыргыз Республикасынын жана Россия Федерациясынын ортосундагы жарандык алуунун жөнөкөйлөтүлгөн тартиби жөнүндө макулдашууну ратификациялоо тууралу” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жарандык маселелери боюнча комиссиянын сунушун эске алуу менен, **токтом кылам**:

1. Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу жөнүндө төмөнкү адамдардын өтүнүчтөрү канааттандырылсын:

1) **АБДИХАН (Ауесхан кызы) Малика Ауесхановна,** казак, 1987-жылы Казак ССРинин Жамбул облусунун Чүй районундагы Актөбө айылында туулган; Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Токмок шаарында жашап жатат;

2) **БАЛАШОВ Адилбек Кудайбердиевич,** кыргыз, 1974-жылы Кыргыз ССРинин Ош облусунун Өзгөн районундагы Өзгөн шаарында туулган; Кыргыз Республикасынын Ош шаарында жашап жатат;

3) **ВЕРЕЮТИН Геннадий Николаевич,** орус, 1968-жылы Кыргыз ССРинин Фрунзе шаарында туулган; Кыргыз Республикасынын Бишкек шаарында жашап жатат;

4) **ГАРМАЕВА Олеся Баторовна,** бурят, 1981-жылы Бурят АССРинин Баргузинск районундагы Баянгол айылында туулган; Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун Баткен районундагы Божой айылында жашап жатат;

5) **ДЮШЕЕВА Назира Дамирбековна,** кыргыз, 1981-жылы Кыргыз ССРинин Калинин районундагы Кара-Балта шаарында туулган; Кыргыз Республикасынын Бишкек шаарында жашап жатат;

6) **ЖОМАРТ Улжан Избасаркызы,** казак, 1993-жылы Казакстан Республикасынын Жамбул облусунун Чу шаарында туулган; Кыргыз Республикасынын Бишкек шаарында жашап жатат;

7) **ИСМАНОВА Гульназира Токтогуловна,** кыргыз, 1988-жылы Кыргыз ССРинин Талас облусунун Киров районундагы Крупское айылында туулган; Кыргыз Республикасынын Талас облусунун Манас районундагы Кайынды айылында жашап жатат;

8) **ЛЯПИНА Наталья Федоровна,** орус, 1977-жылы Казак ССРинин Жамбул облусунун Курдай районундагы Сарыбулак айылында туулган; Кыргыз Республикасынын Бишкек шаарында жашап жатат.

Аны менен бирге 2000-жылы туулган уулу Ляпин Максим;

9) **МАМЧЕНКО Андрей Михайлович,** орус, 1978-жылы Кыргыз ССРинин Фрунзе шаарында туулган; Кыргыз Республикасынын Бишкек шаарында жашап жатат;

10) **МАРТЫНОВА (Бабенко) Елена Олеговна,** орус, 1985-жылы Казак ССРинин Жамбул облусунун Жамбул шаарында туулган; Кыргыз Республикасынын Талас облусунун Манас районундагы Покровка айылында жашап жатат;

11) **МАХОРТОВА (Федорова) Татьяна Александровна,** орус, 1978-жылы РСФСРдын Красноярск облусунун Красноярск шаарында туулган; Кыргыз Республикасынын Бишкек шаарында жашап жатат.

2. Бул Жарлык кол коюлган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А.Ш. Атамбаев**